“Куру-жалак калган адам ким экенин билесиңерби?

Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: бир жолу Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): “Куру-жалак калган адам ким экенин билесиңерби? ” - деп сурап калды. Куру-жалак калды деп арабыздагы күмүш акчасы да, буюм-терими да жок калган кишини айтабыз деди сахабалар. Аллахтын элчиси (ага Алланын тынчтыгы жана мактоосу болсун): “Чынында, менин үммөттүмдөгү куру-жалак калган адам: кыямат күнү окуган намазы, туткан орозосу, берген зекети менен келет. Ошол эле учурда ал бирөөнү сөккөн, бирөөгө жалаа жапкан, бирөөнүн малын жеген, бирөөнүн канын төккөн, бирөөнү урган сыяктуу жаман иштерин да ала келет. Анан анын жакшы иш-амалдары тигилерге алып берилет. Кокус моюнундагы карызы бүтө электе жакшы амалдары түгөп калса, анда тигилердин жаман иш-амалдары мунун моюнуна жүктөлөт. Андан кийин тозокко ташталат” - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларынан куру кол калган адам ким экенин сурады. Сахабалар: Арабызда же малы, же буюму жок калган адамдар куру кол адамдар деп жооп беришти. Пайгамбарыбыз: Менин үммөтүмдүн куру кол калгандары - кыямат күнү намаз, орозо, зекет ж.б. жакшы иш-амалдары менен келет. Ошону менен бирге бирөөнү сөккөн, дагы бирөөнүн абийирин төккөн, дагы бирөөнүн мал-мүлкүн алып танып кеткен, дагы бирөөнүн канын төгүп зулум кылган, дагы бирөөнү уруп кордогон... Анан ошол зулум чекккендерге анын жакшылыктары алынып берилет, эгер зулумдугу жана алган акылары акырын чыкканга чейин анын жакшылыктары түгөнүп калса, зулум чеккендердин күнөөлөрүнөн ага алынып берилет. Анан анын эч кандай жакшылыгы жок калгандыктан, тозокко ташталат.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/6454